# Биринчи марафон



Автор: Миргүл Наралиева

Сүрөтчү: Айжамал Борисова

# Биринчи марафон

Автор: Миргүл Наралиев
Сүрөтчү: Айжамал Борисова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023


Copyright © 2023, Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Биринчи марафон" (кыргыз тилинде), автор Миргүл Нарaлиева, сүрөтчү Айжамал Борисова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




Айсана кыйын чуркайт. Мектептеги өткөн жарыштарда дайым кубок, медалдарды алат. Аларды бөлмөсүнө илип койгон. Жакында жөө күлүктөрдүн марафону болот. Ага күндө даярданып машыгат. Бул анын биринчи марафону. Айсана сабактарын да мыкты окуйт.

Анын өзүнөн кичүү Белек деген иниси бар. Экөө ынтымактуу. Иниси эжесинин күлүктүгүнө сыймыктанат, өзү да чуркагысы келет. Белек  кичинесинен көрүүсү начар. Ошондуктан аны дайыма бирөө коштоп жүрөт.



Айсана машыгуудан келди. Бөлмөдө Белек тегеренип чуркап жүрүптүр. Эжесинин келгенин байкаган да жок. Бир маалда чарчады окшойт, жерге отуруп калды.

– Сен мени менен марафонго чуркайсыңбы? – деди Айсана инисинин колунан кармап.

Белек сүйүнүп ордунан тура калды.



– Мен да чуркасам болобу?

– Албетте, болот. А эмнеге болбосун? – деди Айсана чоң кишиче.

– А сиз жанымда болосузбу? – деп Белек бултуя калды.

– Ооба, сөзсүз жанында болом! Кам санаба!

– Ура-а-а! Мен эми чемпион болом, – деди эжесин кучактап.




– Келгиле, балдарым, – деп апасы тамакка чакырды.

– Апа, мен эртең Белекти марафонго катышууга каттап келейин. Уруксатпы?

– Белек өзү каршы эмеспи? – деди апасы баласын карап.

– Жок, апа, мен каршы эмесмин. Эжемдей болуп зуулдап чуркагым келет.

Белек бөлмөнү айлана чуркап калды.

– Атаң экөөбүз дагы баралы. Силерди колдоп турабыз, – деди апасы кубана.




Ошентип марафон болор күн да келди. Белектин кубанычында чек жок эле.

– Белек, мен сенин жаныңда болом, коркпой чуркагын, – деди Айсана инисине шыбырап.

– Ой, азаматтар, силерди биз марадан күтөбүз, – деп атасы балдарынын колдорун кармаштырып, жумшак жип менен байлады. Айсанага карап, акырын көз кысып койду. Кызы атасын түшүнүп, башын ийкеди.




Марафон башталды. Демейде алдыга озуп кетчү Айсана инисине дем берип, жай чуркады. Жиптин аркы учунда эжеси бар экенин сезип, Белек ишенимдүү чуркап бара жатты.

Айсана үчүн инисинин кубанычынан өткөн белек жок эле!

АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Миргүл Нарaлиева
Сүрөтчү: Айжамал Борисова

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |